КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ

ЮРИДИКАЛЫК ЖАК МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТООДОН
20 25 ж. «18» 08 ӨТКӨРҮЛДҮ
№ 7337-Ч КҮБӨЛҮК
Алгачкы катталган күнү 20 03 ж. «10» 09

МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧҮЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ

ПРОИЗВЕДЕНА ГОСУДАРСТВЕННАЯ ПЕРЕРЕГИСТРАЦИЯ
ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА
«15» 08 20 25 г.
СВИДЕТЕЛЬСТВО № 7337-Ч
Дата первичной регистрации « 10 » 09 20 25

**БЕКИТИЛДИ**
**Бишкек шаарынын мэриясынын**
**Билим берүү департаменти**
**«8» август 2025 ж.**
**№358 буйругу**

# Бишкек шаарынын Ленин районунун «№82 жалпы билим берүү мектеби» мекемесинин

# УСТАВЫ

**Бишкек-2025**

Сканировано с CamScanner

**Бишкек шаарынын Ленин районунун**
**«№82 жалпы билим берүү мектеби» мекемесинин**

# УСТАВЫ

## 1-глава. Жалпы жоболор жана укуктук статус

1. Бишкек шаарынын Ленин районунун «№82 жалпы билим берүү мектеби» мекемеси башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүүнү ишке ашыруучу **муниципалдык** билим берүү уюму болуп эсептелинет.

2. Бишкек шаарынын Ленин районунун «№82 жалпы билим берүү мектеби» мекемесинин уставы Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамдарына ылайык иштелип чыккан жана Бишкек шаарынын Ленин районунун «№82 жалпы билим берүү мектеби» мекемесинин негизги максаттарын жана милдеттерин, укуктук макамын аныктайт, билим берүү процессинин катышуучуларынын башкаруу түзүмүн, ыйгарым укуктарын, укуктарын жана милдеттерин белгилейт.

3. Муниципалдык менчик формасындагы Бишкек шаарынын Ленин районунун «№82 жалпы билим берүү мектеби» мекемесинин уюштуруу-укуктук формасы коммерциялык эмес уюм болуп саналат жана иштөө мөөнөтү чектелбейт.

4. Бишкек шаарынын Ленин районунун «№82 жалпы билим берүү мектеби мекемесинин **уюштуруучусу** болуп Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгында (каттоо номери №14443-3301-У-е; ИУЖКнын коду 2270362; ИСН:01112200010112) каттоодон өткөн жана Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын Ленин районунун, Пушкин көчөсү, 125 дарегинде жайгашкан «**Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти»** муниципалдык мекемеси саналат.

5. Бишкек шаарынын Ленин районунун «№82 жалпы билим берүү мектеби» өз алдынча юридикалык жак катары өзүнүн атынан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарды алууга жана милдеттерди аткарууга, келишимдерди түзүүгө, сотто доогер жана жоопкер болууга жана оперативдүү башкаруу укугунда обочолонгон мүлккө ээ болууга укуктуу, негизги жана жүгүртүү каражаттары, өзүнүн балансы, банкттык эсептери, аталышы мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылган мөөрү, штампы жана бланктары бар. Мөөр мектеп директорунда сакталат.

6. Мекеменин толук фирмалык аталышы:

Мамлекеттик тилде: **Бишкек шаарынын Ленин районунун «№82 жалпы билим берүү мектеби» мекемеси.**

Расмий тилде: **Учреждение «Общеобразовательная школа №82» Ленинского района города Бишкек.**

Мекеменин кыскартылган фирмалык аталышы:

Мамлекеттик тилде: **Бишкек ш. Ленин районунун «№82 ЖББМ»**

Расмий тилде: **«ОШ № 82» Ленинского района г. Бишкек.**

7. Бишкек шаарынын Ленин районунун «№82 жалпы билим берүү мектеби» мекемесинин юридикалык дареги: **Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ленин району, Ала-Тоо көчөсү 51/1.**

## 2-глава. Негизги максаттар жана иштин предмети

8. Бишкек шаарынын Ленин районунун «№82 жалпы билим берүү мектеби» мекемесинин (мындан ары - ЖББМ) негизги максаттары болуп мамлекеттик билим берүү стандарттарын өздөштүрүүнүн жана турмуштук компетенцияларга жетишүүнүн негизинде окуучулардын жалпы инсандык маданиятын калыптандыруу, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүү тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиздерди түзүү, жарандуулукка, Ата-Мекенди, адам укуктарын жана эркиндиктерин, үй-бүлөнү жана курчап турган жаратылышты сүйүүгө, толеранттуулукка, эмгекти сүйүүгө тарбиялоо, ошондой эле сергек жашоо образын калыптандыруу саналат.

9. ЖББМ инсандын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгында окуучуларды окутууну жана тарбиялоону жүзөгө ашырат жана инсандын ден соолугун коргоону жана ар



Сканировано с CamScanner

тараптуу өнүгүүсүнө зарыл болгон керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнү камсыз кылат.

10. ЖББМдин иши төмөнкү принциптерге негизделет:

1) бардык жарандардын сапаттуу билим алуу укуктарынын бирдейлиги;
2) гуманизм жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгы;
3) жарандык жана патриотизм;
4) билим берүү процессинин системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
5) ден соолукту коргоону камсыз кылуу, окуучуларды ар тараптуу өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;
6) окутуунун светтик мүнөзү;
7) академиялык эркиндик жана чынчылдык;
8) жоопкерчилик жана натыйжалуулук.

11. ЖББМ билим берүү процессин мектептик билим берүүнүн үч баскычынын жалпы билим берүү программаларына ылайык жүргүзөт:

-жалпы башталгыч билим (1–6-класстар);
-негизги жалпы билим (7–9-класстар);
-жалпы орто билим (10–12-класстар).

12. ЖББМде окуу жылы 1-сентябрда башталат жана билим берүү процесси жыл сайын ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген базистик окуу планына ылайык ЖББМ өз алдынча иштеп чыгуучу жумушчу окуу планынын негизинде жүргүзүлөт.

13. ЖББМде жол берилген окуу жүктөмүнүн чегин эске алуу менен беш күндүк окуу жумасы белгиленет жана мектептик билим берүүнүн I-II-III баскычтарында окуу жылынын узактыгы мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын мезгилин эсепке албаганда 34 жумадан кем эмес, ал эми биринчи класста 33 жуманы түзөт.

14. Окуу жылындагы каникулдардын узактыгы **30 календардык күндөн кем эмес**, жайында 14 календардык жумадан кем эмес убакытты түзөт. Биринчи класстагы окуучулар үчүн окуу жылынын ичинде кошумча бир жумалык каникулдар белгиленет. ЖББМде сабактын узактыгы **45 мүнөттү түзөт.**

15. ЖББМде билим берүү программалары күндүзгү формада өздөштүрүлөт.

Окуучулардын дене бойлук жана психологиялык абалына, жараша **үйдө окутуу формасы** колдонулушу мүмкүн. Мектептик билим берүүнүн бардык баскычтарында негизги жалпы билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн учурда окуучулар өз алдынча окутуу формасын - **экстернатты** пайдалана алышат.

Конкреттүү негизги жалпы билим берүү программасынын алкагында билим алуунун бардык формалары үчүн бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарты колдонулат.

16. ЖББМ билим берүү процессин уюштурууда окутуу тили катары **кыргыз жана орус** тилдерин колдонот.

17. ЖББМдеги класстардын саны санитардык-гигиеналык талаптарга жана класстардын толушунун чектүү ченемине ылайык жүргүзүлөт.

ЖББМдеги класстын толушу төмөнкүчө белгиленет: минималдуу ченем - 25 окуучу, чектүү ченем- 36 окуучу.

18. ЖББМ окуучулардын ден соолугун чыңдоо, аларда сергек жашоо мүнөзүн калыптандыруу, оорулардын алдын алуу максатында ар кандай иш-чараларды өткөрөт. Окуучуларды акысыз медициналык тейлөө мектепке саламаттык сактоо органы тарабынан атайын бекитилген медициналык кызматкер тарабынан камсыз кылынат, ал мектеп администрациясы менен катар билим берүү процессин уюштурууда дарылоо-профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү жана санитардык-гигиеналык ченемдердин сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат.

19. ЖББМде окуучулардын тамактануусун уюштуруу тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

20. ЖББМге кабыл алуу ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталган тартипте жүзөгө ашырылат. Мектептин 1-классына балдарды кабыл алуу ыйгарым укуктуу орган



Сканировано с CamScanner

аныктаган тартипте мектепке электрондук каттоо аркылуу жүзөгө ашырылат. Ереже катары, кирүү курагы **6** жашты түзөт. Мектепке кабыл алынганда төмөнкү документтер тапшырылат:

- ден соолугу тууралуу медициналык маалым каттын түп нускасы (белгиленген формада);
- алган эмдөөлөрү тууралуу медициналык справканын түп нускасы (белгиленген формада);
- баланын 3×4 см өлчөмүндөгү сүрөтү.

Мектептик билим берүүнүн бардык баскычтарына кабыл алуу окуучунун жынысы, улуту, тили, социалдык жана мүлктүк абалы боюнча чектөөлөргө, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүн, дин тутуусун жана диний ынанымдарын чектөөлөргө жол берилбейстен бардык балдар жана өспүрүмдөр кабыл алынат, ошол эле учурда мектепке бекитилген аймакта жашаган адамдар (окуучулар) биринчи кезектеги тартипте киргизилүүгө тийиш.

21. Жүйөлүү себепсиз 45 жана андан ашык окуу күнүн калтырган окуучуларга педагогикалык кеңеш кийинки окуу жылында кайталап окууну сунуш кылышы мүмкүн.

22. ЖББМ тарабынан окуучуларды класстан класска которуу, окуучуларга орто аралык (которуу экзамендерин) жана жыйынтыктоочу аттестация өткөрүү ыйгарым укуктуу орган аныктаган тартипте жүзөгө ашырылат.

23. ЖББМден башка жалпы билим берүү уюмуна которууда, кабыл алуучу мектеп тарабынан милдеттүү тартипте анын кабыл алынгандыгы жөнүндө маалымкат берилет. Мындай маалымкатты алганда жалпы билим берүү уюму окуучунун ата-энесине (мыйзамдуу өкүлүнө) кол койдуруу менен өздүк делонун түп нускасын берет. Өздүк делонун көчүрмөсү жалпы билим берүү уюмунун архивинде калат жана 75 жылдан кем эмес сакталат.

## 3-глава. Башкаруу жана тең башкаруу органдары.

24. Бишкек шаарынын Ленин районунун «№82 жалпы билим берүү мектеби» мекемесинин жогорку башкаруу органы болуп уюштуруучу - **Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти** саналат.

25. Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинин ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) уставды бекитүү, ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
2) жалпы билим берүү уюмунун ишинин артыкчылыктуу багыттарын аныктоо;
3) жоюу жана/же кайра уюштуруу жөнүндө чечим;
4) филиалдарды, түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүү жана жоюу жөнүндө чечим;
5) башкаруунун жана тең башкаруунун башка органдарынын компетенциясына кирбеген иштин башка маселелерин чечүү.

26. ЖББМге түздөн-түз жетекчиликти директор жүзөгө ашырат. Директор конкурстук тандоонун жыйынтыгы боюнча 5 жылдык мөөнөткө дайындалат. Бир эле адам бир эле жалпы билим берүү уюмунда жалпысынан 10 жылдан ашык жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин ишин жүзөгө ашыра албайт.

27. Директорду которуу жана кызмат ордунан бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. Директор жок болгон мезгилде анын милдеттери директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына жүктөлөт. Директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары жок болгон учурда – мектептин педагогикалык курамынын мүчөлөрүнүн бирине жүктөлөт.

ЖББМдин директору окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн), мамлекеттин жана коомдун алдында кызматтык милдеттерине, эмгек келишимине жана мектептин уставына ылайык жалпы билим берүү уюмунун ишинин натыйжасы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

28. Директордун ыйгарым укуктары:



Сканировано с CamScanner

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларды сактайт жана аткарат;

2) педагогикалык кеңеш менен биргеликте билим берүүнү башкаруунун тиешелүү аймактык органы менен макулдашуу боюнча мектепти өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт жана ишке ашырат;

3) жарандардын жалпы негизги жана жалпы орто билим алуудагы муктаждыктарын канааттандырат;

4) административдик-аткаруу органдарында жана башка уюмдарда ЖББМдин укуктарын жана кызыкчылыктарын билдирет жана коргойт;

5) мектептин педагогикалык кызматкерлерин жана техникалык персоналын кабыл алат жана жайгаштырат, педагогикалык кеңештин ишин жетектейт;

6) билим берүү жаатындагы мыйзамдарга ылайык штаттык расписаниени жана тарифтик тизмени иштеп чыгат жана бекитет;

7) билим берүүнү башкаруунун тиешелүү аймактык органы же ыйгарым укуктуу орган (республикалык бюджеттен каржылоодо) менен макулдашылган жумушчу окуу планын мугалимдер менен биргеликте ишке ашырат;

8) мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын талаптарынын чегинде окуучулардын билиминин жеткиликтүүлүгүн жана сапатын камсыз кылат;

9) билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштуруунун колдонулуучу формаларынын, усулдарынын жана каражаттарынын окуучулардын курактык психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыгына жана жөндөмдүүлүгүнө, алардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо талаптарына шайкештиги, маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик тартат;

10) класстан тышкаркы/мектептен тышкаркы иштин мазмуну аркылуу окуучулар менен тарбиялык иштерди камсыз кылат жана контролдойт;

11) педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик өсүшү үчүн шарттарды түзөт, ошондой эле аларды аттестациялоону жүргүзөт;

12) билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтердин берилишин жана билими жөнүндө документтерди даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр тууралуу берилген маалыматтардын тууралыгын уюштурат жана жоопкерчилик тартат;

13) балалыкты коргоо, балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча талаптарды контролдойт жана сактайт;

14) мектептин финансы-чарбалык ишин жетектейт жана контролдойт;

15) финансылык каражаттардын, гранттардын жана инвестициялардын, ата-энелердин ыктыярдуу төгүмдөрүнүн, анын ичинде жеке жана юридикалык жактардын пайдалануусуна жайларды, жабдууларды жана шаймандарды берүүдөгү кирешелердин, анын ичинде кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнөн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган булактардан түшкөн башка каражаттардын натыйжалуу пайдаланылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат;

16) мектептин материалдык-техникалык базанын эсепке алынышын жана сакталышын камсыз кылат жана жоопкерчилик тартат;

17) мектепте коопсуздук техникасынын жана санитардык-гигиеналык режимдин талаптарынын сакталышы, окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жоопкерчилик тартат;

18) карамагында турган мектепте өрт коопсуздугу үчүн, ошондой эле окуучулардын жана мугалимдердин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирген же окуу учурунда алардын өлүмүнө алып келген учурлардын күнөөсүнүн даражасына жана оордугуна жараша жеке юридикалык жоопкерчилигин тартат;

19) жеке жана юридикалык жактарга жайларды, жабдууларды жана шаймандарды пайдаланууга мыйзамсыз бергендиги үчүн, ошондой эле мектептин мүлкүн ижарага



Сканировано с CamScanner

берүүдөн түшкөн каражаттарды максатсыз пайдалангандыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

20) кызматтык милдеттерине, мектептин уставына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

29. ЖББМдин тең башкаруу органдары болуп төмөнкүлөр саналат: *кызматкерлердин жалпы чогулушу, көзөмөлчүлүк, педагогикалык жана методикалык кеңештер, ата-энелер комитети жана окуучулардын өзүн-өзү башкаруусу.*

30. ЖББМге кызматкерлердин жалпы чогулушунун (мындан ары – жалпы чогулуш) курамына мектептин бардык кызматкерлери кирет. Жалпы чогулуш директордун, педагогикалык кеңештин, тең башкаруунун башка органдарынын демилгеси боюнча же жалпы чогулуштун мүчөлөрүнүн кеминде төрттөн биринин демилгеси боюнча зарылдыгына жараша, бирок жылына 1 жолудан кем эмес чакырылат.

31. Кызматкерлердин жалпы чогулушунун ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) мектеп ишинин негизги багыттарын, аны өнүктүрүүнүн келечегин аныктоо;

2) ички эмгек тартибинин эрежелерин бекитүү;

3) мектептин кызматкерлери менен эмгек мамилелерин жөнгө салуучу локалдык актыларды кабыл алуу (эмгекти коргоо жөнүндө жана этика боюнча комиссия жөнүндө жобо);

4) кызматкерлерди жана окуучуларды сыйлоо (материалдык эмес мүнөздөгү), кызматкерлерди социалдык колдоо чараларын кароо;

5) кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугунун критерийлерин жана көрсөткүчтөрүн аныктоо;

6) кызматкерлердин эмгегин уюштуруу жана кесиптик өркүндөтүү үчүн оптималдуу шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;

7) мектептин ишин өнүктүрүү боюнча демилгелерди колдоо;

8) мектептин уюштуруучусу жана/же администрациясы тарабынан аныкталуучу башка ыйгарым укуктар.

ЖББМдин жалпы чогулуштун ыйгарым укуктары, түзүмү жана анын иштөө тартиби мектептин өзүнчө жобосу менен бекитилет.

32. ЖББМде окуу-тарбия процессин өнүктүрүү жана өркүндөтүү, мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу жана чыгармачылык жактан өстүрүү максатында педагогикалык кеңеш түзүлөт. Педагогикалык кеңештин курамына мектептин бардык педагогикалык кызматкерлери кирет. Педагогикалык кеңештин төрагасы болуп мектеп директору саналат. Педагогикалык кеңеш зарылчылыкка жараша мектеп директору тарабынан чакырылат.

33. Педагогикалык кеңештин ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) мектептин негизги өнүгүү багыттарын тиешелүү аймактык билим берүү башкармалыгынын органдары менен макулдашуу боюнча ишке ашыруу;

2) тарбиялоонун жана окутуунун жаңы инновациялык методдорун киргизүү маселелерин кароо;

3) методикалык кеңештин отчетторун угуу;

4) окуу жана тарбия иштерине талдоо жүргүзүү;

5) мектептин ишинин чейректик, жарым жылдык жана жылдык жыйынтыктарын чыгаруу;

6) педагогдордун квалификациясын жогорулатуу жана алардын чыгармачылык демилгелерин өнүктүрүү системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;

7) педагогдорду жана башка кызматкерлерди сыйлыкка көрсөтүү;

8) окуучуларды которуу/окуудан чыгаруу/чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алуу;

9) ЖББМдин уюштуруучусу жана/же администрациясы тарабынан аныкталуучу башка ыйгарым укуктар.



Сканировано с CamScanner

34. Көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын, ЖББМдин ишинин ачыктыгын, ошондой эле бюджеттен тышкаркы каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү максатында камкорчулук кеңеши түзүлөт.

Камкорчулук кеңешинин ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) ЖББМдин өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгууга жана кабыл алууга, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөктөшүү;

2) ЖББМди өнүктүрүүгө гуманитардык жардамды (инвесторлорду, меценаттарды) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген каржылоонун башка булактарын тартуу;

3) ЖББМ үчүн тартылган, бюджеттен тышкаркы каражаттардын чыгымдарынын сметасынын аткарылышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруу;

4) ЖББМдин учурдагы жана келечектүү милдеттерин чечүүгө, өнүгүүсүнө жана натыйжалуу иштешине көмөктөшүү.

Камкорчулук кеңештери жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу төгүмдөрүнөн жана кайрымдуулуктарынан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка түшүүлөрдөн түзүлгөн финансылык жана башка материалдык каражаттарды ыктыярдуу негизде тарта алат.

35. Билим берүүнүн системалуулугун камсыз кылуу, педагогдордун квалификациясын жогорулатуу, алардын кесиптик сапаттарын калыптандыруу жана кесиптик чеберчилигин жогорулатуу максатында ЖББМде методикалык кеңеш түзүлөт.

Методикалык кеңештин курамына мектептеги методикалык бирикмелердин жетекчилери, директордун окуу жана/же тарбия иштери боюнча орун басарлары кирет. Методикалык кеңештин курамында иштин ар кандай багыттары боюнча секциялар түзүлүшү мүмкүн.

36. Методикалык кеңештин ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) билим берүү жана тарбиялоо процессинде окутуунун жана тарбиялоонун заманбап методикаларын, формаларын, каражаттарын жана методдорун, жаңы билим берүү технологияларын колдонууда көмөк көрсөтүү;

2) методикалык иштин негизги багыттарын иштеп чыгуу;

3) мектептин методикалык бирикмелеринин ишин координациялоо;

4) мектептен тышкаркы жана класстан тышкаркы иштерди уюштуруу;

5) педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, алардын чыгармачылык демилгелерин өнүктүрүү боюнча иштерди уюштуруу;

6) инсанга багытталган педагогикалык ишти өнүктүрүүгө көмөктөшүү, педагогдун өз алдынча билим алуусу, өзүн-өзү өркүндөтүүсү жана өзүн ишке ашыруусу үчүн шарттарды камсыз кылуу;

7) ЖББМдин уюштуруучусу жана/же администрациясы тарабынан аныкталуучу башка ыйгарым укуктар.

37. Билим берүү процессин уюштурууда, окуучулар менен мектептен тышкаркы жана класстан тышкаркы иштерде педагогикалык жамаатка жардам көрсөтүү, ошондой эле аларга балдарга социалдык колдоо көрсөтүү максатында ЖББМдин ата-энелер комитети түзүлөт.

38. ЖББМдин ата-энелер комитетине ар бир класстан окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) бир өкүлү шайланат.

39. Ата-энелер комитетинин ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) билим берүү процессин ишке ашыруу, окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо, инсандын эркин өнүгүүсү үчүн шарттарды жакшыртуу;

2) окуучулардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;

3) жалпы мектептик иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;

4) билим берүү процессин өркүндөтүү, окуучулардын бош убактысын уюштуруу маселелери боюнча башкаруу жана биргелешип башкаруу органдары, администрация менен кызматташуу;



Сканировано с CamScanner

5) ЖББМдин материалдык-техникалык базасын чыңдоого катышуу;

6) ата-энелер коомчулугун ЖББМдин ишине активдүү катышууга, ошондой эле класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштерди уюштурууга тартуу;

7) ЖББМдин уюштуруучусу жана/же администрациясы тарабынан аныкталуучу башка ыйгарым укуктар.

40. ЖББМде ыктыярдуу негизде окуучулардын өз алдынча башкаруу органдары жана окуучулардын уюмдары түзүлөт. ЖББМ окуучулардын уюмдарынын өкүлдөрүнө зарыл маалыматтарды берет жана окуучулардын кызыкчылыктарына тиешелүү маселелерди талкуулоодо башкаруу жана биргелешип башкаруу органдарынын чогулуштарына катышууга жол берет.

## 4-глава. Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери

41. ЖББМдин катышуучулары катары окуучулар, педагогикалык кызматкерлер, окуу-көмөкчү жана башкаруу персоналы, окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) эсептелет.

42. Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) окутуунун каалаган этабында мектепке кирүүгө жана билим алуунун формасын тандоого;

2) мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде сапаттуу милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алууга, ошондой эле акысыз жалпы орто билим алууга;

3) кошумча билим берүү кызматтарын, анын ичинде акы төлөөнүн негизинде алууга;

4) мектептин маалыматтык ресурстарын, китепканалык, маданий-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;

5) мектептин уставында аныкталган формада аны башкарууга катышууга;

6) балдар уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;

7) адамдын кадыр-баркын урматтоого, өз көз карашын жана ишенимин эркин билдирүүгө;

8) коопсуз билим берүү чөйрөсүнө, эксплуатациялоонун ар кандай формаларынан жана ден соолукка зыян келтирүүчү аракеттерден, ошондой эле физикалык жана психологиялык зомбулуктан, кадыр-баркты басмырлоодон коргоого;

9) ден соолукка, моралдык жана руханий өнүгүүгө зыян келтирүүчү маалыматтан, пропагандадан жана үгүттөөдөн коргоого;

10) медициналык кароого жана алгачкы медициналык жардамды уюштурууга;

11) алардын психологиялык-дене бойлук өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн жана ден соолугунун абалын эске алуу менен окутуу үчүн шарттарды берүүгө;

12) жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктагандан кийин мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерди өз убагында алууга;

13) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан белгиленген тартипте акысыз тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчүлөрдү ташуучу автотранспорт менен жеңилдетилген шартта жүрүүгө.

43. Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) ЖББМдин уставын сактоого жана аткарууга;

2) мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;

3) жалпы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды, ЖББМдун башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын сыйлоого;

4) жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоого;

5) ЖББМдин ички тартип эрежелерин сактоо боюнча, анын ичинде мектеп кийимине карата талаптарын аткарууга;

6) ЖББМдин мүлкүнө аяр мамиле жасоого жана келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик тартууга.



Сканировано с CamScanner

44. ЖББМ төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарына ылайык окуучуларга акысыз жалпы баштапгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү камсыз кылууга;

2) бекитилген окуу планына жана сабактардын расписаниесине ылайык билим берүү программаларын ишке ашырууну камсыз кылууга;

3) окуучулардын жетишүүсүн учурдагы жана аралыктык контролдоону жүзөгө ашырууга жана анын натыйжалары жөнүндө маалыматтык технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү менен окуучулардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) маалымдоого;

4) окуучуларды зарыл окуу китептери менен, анын ичинде ижара негизинде да камсыз кылууга, ошондой эле ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын алкагында ЖББМдин китепканалык жана маалыматтык ресурстарына акысыз жетүүнү камсыз кылууга;

5) окуучулардын арасында укук бузуулардын алдын алууга багытталган иш-чараларды жүргүзүүгө;

6) өз ыйгарым укуктарынын чегинде ден соолукка, моралдык жана руханий өнүгүүгө зыян келтирүүчү маалыматтан, пропагандадан жана үгүттөн коргоону жүзөгө ашырууга;

7) Мектептик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына жана билим берүү уюмдары тарабынан иштелип чыккан класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иш программаларына ылайык окуучулар менен тарбиялык иштерди жүргүзүүнү камсыз кылууга;

8) окуучунун инсандыгын урматтоого, аны физикалык жана психологиялык зомбулуктун, кадыр-баркты басмырлоонун бардык формаларынан, ошондой эле эксплуатациялоонун жана ден соолукка зыян келтирүүчү аракеттердин бардык формаларынан сактоого;

9) билим берүү кызматтарын көрсөтүү жана мектепте тарбия иштерин жүргүзүү учурунда окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен анын адеп-ахлактык, физикалык жана психологиялык ден соолугун, эмоционалдык бакубаттуулугун чыңдоо үчүн шарттарды камсыз кылууга;

10) билим берүү жана тарбиялоо процессине коюлуучу санитардык жана гигиеналык талаптарды, өрт жана башка коопсуздуктун милдеттүү ченемдерин жана эрежелерин сактоого;

11) колдонуудагы билим берүү жаатындагы мыйзамдардын ченемдерине жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык окуучулардын тамак-аш менен камсыз кылууга;

12) жеке мүнөздөгү маалыматтар жаатындагы мыйзамдарга ылайык окуучулардын инсандыгы жана ден соолугунун абалы жөнүндө маалыматтарды, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) жеке маалыматтарын ачыкка чыгарбоону камсыз кылууга, мындай маалыматтарды берүү мыйзамдарда каралган же окуучунун өмүрүн жана ден соолугун сактоо үчүн зарыл болгон учурларды кошпогондо;

13) окуучунун жетишкендиктери жана көйгөйлөрү жөнүндө маалыматка ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) жеткиликтүү болуусун камсыз кылууга;

14) окуучулардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) устав, ички тартип эрежелери жана мектептин билим берүү, тарбиялоо жана административдик ишин жөнгө салуучу башка документтер менен жеткиликтүү формада тааныштырууну камсыз кылууга.

45. ЖББМ төмөнкүлөргө укуктуу:

1) педагогикалык максатка ылайыктуулук менен шартталган окутуу методдорун колдонууга;

2) окуучудан окуу жүктөмүн толук көлөмдө аткарууну талап кылууга;

3) окуучулардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча сунуштарды киргизүүгө;

4) окуучуну жетишкендиктерине жараша баалоого;



Сканировано с CamScanner

5) ыйгарым укуктуу орган жана мектептин тиешелүү локалдык актысы тарабынан белгиленген учурларда жана тартипте окутуунун аралыктан билим берүү технологияларын колдонууга;

6) Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарынын ченемдерине ылайык окуучуларга кошумча акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүгө;

7) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген категориялардан окуучуларды окуу китептерин пайдалангандыгы үчүн ижара акысынан бошотууга же жеңилдетилген шарттарды белгилөөгө;

8) окуучу жана анын ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) тарабынан ички тартип эрежелерин, жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин жана уставды сактоону талап кылууга.

46. Педагогикалык кызматкерлер төмөнкүлөргө укуктуу:

1) окутуу жана тарбиялоо методикасын, жалпы билим берүү программасын, окуу-методикалык комплектти, окуучулардын билимин баалоо методдорун өз алдынча тандоого жана пайдаланууга;

2) мамлекеттик билим берүү стандартынын, окутуу жана тарбиялоо методикасынын негизинде автордук жалпы билим берүү программасын, окуу китебин жана окуу-методикалык колдонмону түзүүгө жана пайдаланууга;

3) инновациялык методдорду жана технологияларды түзүүгө жана пайдаланууга, илимий-педагогикалык эксперимент жүргүзүүгө, алдынкы педагогикалык тажрыйбаны окуу процессине киргизүүгө;

4) өзүнүн кесиптик деңгээлин жана квалификациясын жогорулатууга, методикалык колдоо көрсөтүүгө жана насаатчылыкка;

5) окуучуларды билим алуудагы бийик жетишкендиктери жана башка ийгиликтери үчүн сыйлоого;

6) Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарына ылайык ыктыярдуу аттестациядан өтүүгө;

7) өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;

8) кесиптик иш үчүн тиешелүү шарттарды талап кылууга;

9) ЖББМди анын уставында аныкталган тартипте башкарууга катышууга;

10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан белгиленген кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге.

47. Педагогикалык кызматкер төмөнкүлөргө укугу жок:

1) ЖББМде диний жана атеисттик пропаганда жүргүзүүгө;

2) ЖББМде саясий топторду, партияларды уюштурууга;

3) шовинисттик, улутчул, милитаристтик, сепаратисттик идеологияны жайылтууга;

4) окуучуларды иш таштоо кыймылдарына жана саясий акцияларга катышууга тартууга;

5) окуучуларга зомбулук кылууга жана ар кандай басмырлоого.

48. Педагогикалык кызматкер төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) педагогикалык этиканын ченемдерин жана ЖББМдин уставын сактоого жана аткарууга;

2) мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде окуучулардын жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылууга;

3) ишке карата өз алдынчалыкты, чыгармачылык мамилени өнүктүрүүгө, окуучулардын жүрүм-турумунун жогорку адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга;

4) ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген кызмат ордуна квалификациялык талаптарга ылайык келүүгө;

5) өзүнүн кесиптик деңгээлин дайыма өркүндөтүүгө жана квалификациясын жогорулатууга;

6) окуучуларга карата моралдык жана физикалык зомбулук ыкмаларын колдонбоого.

49. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу:

1) окууну улантуу үчүн окутуунун каалаган этабында мектепти, ошондой эле билим алуу формасын тандоого жана балдарды ага жиберүүгө;



Сканировано с CamScanner

2) мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын алкагында баланын билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
3) окуучунун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, ошондой эле суроолор жана сунуштар менен ЖББМге кайрылуу мүмкүнчүлүгүн коргоого;
4) окутуу процессине кийлигишүү укугусуз жана окутуу методдорун өзгөртүү талабы жок окутуунун жана тарбиялоонун методдору колдонулган билим берүүнүн мазмуну менен таанышууга;
5) пландаштырылуучу медициналык текшерүүлөрдүн бардык түрлөрү жөнүндө маалымат алууга, макулдук берүүгө же мындай текшерүүлөргө катышууга, аларды өткөрүүдөн же аларга катышуудан баш тартууга, текшерүүлөрдүн натыйжалары жөнүндө маалымат алууга;
6) ЖББМди башкарууга жана өнүктүрүүгө, анын ичинде биргелешип башкаруу органдарына, анын ичинде ата-энелер чогулуштарына жана иш-чараларына катышууга;
7) окуучунун жетишкендиктери жана көйгөйлөрү жөнүндө маалымат алууга;
8) педагогикалык кеңештин жыйналыштарына жана окуучуга тиешелүү маселелер боюнча башка иш-чараларга катышууга;
9) окутуу процессине тиешелүү маселелер боюнча билим берүүнү башкаруунун аймактык органдарына кайрылууга.

50. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө милдеттүү:
1) окуучунун окуусу, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, жалпы башталгыч, негизги жана орто билим алуусу үчүн тиешелүү шарттарды түзүүгө, анын физикалык жана психикалык саламаттыгына дайыма кам көрүүгө;
2) окуучунун кадыр-баркын сыйлоого, эмгекчилдикти, кайрымдуулукту, үй-бүлөгө, жашы боюнча улууларга, башка жыныстагыларга, башка улуттарга, мамлекеттик, расмий жана эне тилине, элдик каада-салттарга жана үрп-адаттарга сый мамиле кылууга, сабырдуулукка, зомбулукка, коррупцияга жана басмырлоого карата сабырсыздыкка тарбиялоого;
3) окуучунун зомбулуктун бардык формаларынан жана кайдыгерлик мамиледен кол тийбестигин камсыз кылууга;
4) Кыргызстан элинин улуттук, тарыхый, маданий баалуулуктарын урматтоого, тарыхый-маданий мурастарга жана айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылууга, башка адамдардын укуктарын урматтоого, мекенди сүйүүгө тарбиялоого;
5) ЖББМдин уставынын өзүнүн укуктарына жана милдеттерине тиешелүү бөлүгүн аткарууга;
6) ЖББМ менен туруктуу кызматташууну колдоого, окуучуну окутуу жана тарбиялоо боюнча педагогикалык кызматкерлердин сунуштарын аткарууга;
7) окуучу мектепке киргенде жана аны окутуу процессинде окуучунун инсандыгы жана ден соолугунун абалы жөнүндө зарыл документтерди жана маалыматтарды өз убагында берүүгө;
8) окуучунун өзүнүн эсебинен (билим берүү жаатындагы мыйзамдарда жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актыларында каралган учурлардан тышкары) окуучу үчүн зарыл болгон буюмдар менен (жазуу-кеңсе буюмдары, мектеп жана спорт формалары ж.б.) окуучу жаш курагына жана муктаждыктарына ылайык келген санда камсыз кылууга;
9) Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык окуучу тарабынан мектептин мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтурууга;
10) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарындагы окуу китептерин ижарага берүү тартибине ылайык жана билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктаган окуу китептеринин тизмегине ылайык жалпы билим берүү уюмунун китепкана фондунун окуу китептерин пайдалангандыгы үчүн акы төлөөнү камсыз кылууга;

Сканировано с CamScanner

11) жергиликтүү кеңештин чечиминин негизинде мектептин ашканасында окуучунун тамактануусу үчүн кошумча акы төлөөгө (ысык тамак уюштурулган жалпы мектептер үчүн);
12) мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн зарылдыгы жөнүндө, ички тартиптин эрежелерин сактоого, жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоого, жалпы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтоо жөнүндө, ошондой эле мектепке же педагогикалык кызматкерлерге келтирилген зыян үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик жөнүндө окуучуга маалымдоого.

Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) билим берүү уюмунун аймагынан тышкары жана окуу убактысынан тышкары жүргөн окуучунун ден соолугу жана өмүрү үчүн толук жоопкерчилик тартышат.

## 5-глава. Мүлк жана финансы-чарбалык иш

51. ЖББМдин мүлкүн жана финансылык ресурстарын түзүүнүн булактары болуп төмөнкүлөр саналат:
1) республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;
2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

52. Ыкчам башкаруу укугунда мектепке бекитилген мүлктү өзүнүн ишинин максаттарына, уюштуруучунун дайындоосуна жана милдеттерине ылайык пайдаланат

53. ЖББМдин тиешелүү ченемдик укуктук актыларда аныкталган тартипте киреше алып келүүчү ишке укуктуу. ЖББМдин уставында киреше алып келүүчү жана кызмат көрсөтүү жана билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине каршы келбеген каржылоо булактары, иштин түрлөрү көрсөтүлөт.

## 6-глава. Эсепке алуу, отчеттуулук жана аудит

54. ЖББМ иш-аракеттердин натыйжаларын статистикалык жана бухгалтердик эсебин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык райондук Билим берүү башкармалыгынын борборлоштурулган бухгалтериясы аркылуу жүргүзөт.

55. Ишмердүүлүктү контролдоо жана финансылык-чарбалык ишине аудит жүргүзүү Уюштуруучу аныктаган, Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти тарабынан жүзөгө ашыруу белгиленген тартипте жүргүзөт.

## 7-глава. Кайра уюштуруу жана жоюу

56. ЖББМдин иши жоюу же кайра уюштуруу (кошуу, бириктирүү, бөлүү, бөлүп алуу, өзгөртүп түзүү) түрүндө уюштуруучунун чечими боюнча же болбосо соттун чечиминин негизинде токтотулат.

ЖББМди кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат. Кошуу формасындагы кайра уюштуруу уюштуруучунун чечими боюнча, эреже катары, окуу жылынын аягында жүзөгө ашырылат. Бул учурда уюмдаштыруучу окуучуларды башка мектептерге алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен макулдашуу боюнча которуу үчүн жоопкерчилик алат.

57. ЖББМдин ишин токтотууну каттоо датасы болуп каттоочу органдын тиешелүү буйругу чыккан дата эсептелет.

58. ЖББМдин жоюлган учурда анын ишине байланыштуу документтер «Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.



Сканировано с CamScanner

**8-глава. Корутунду жоболор**

59. Уюштуруучунун чечими боюнча ЖББМдин уставына жарандык укук мамилелери жана билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

60. Уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кыргыз Республикасынын юридикалык жактарды каттоо/кайра каттоо жаатындагы мыйзамдарында белгиленген тартипте юстиция органдарында катталган учурдан тартып күчүнө кирет.

61. Ушул уставта көрсөтүлбөгөн маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында жөнгө салынат.

**Директор** **Б.А. Кулманова**

Сканировано с CamScanner

Пронумеровано и
прошнуровано
на ( 13 ) листах

Күбөлүкту жана уюштуруучу документтерди алды
Свидетельство и учредительные документы получил (а)

Аты жөнү Ф.И.О. Амирбаева Кулкайыр Маматовна

Паспорт (серия №) ID3705223

2025 ж. "18" август 2025 г.

Колу Подпись

Сканировано с CamScanner

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТИРЛИГИ**

**ЧУЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ**

**МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ (Г.БИШКЕК)**

# СПРАВКА (СВИДЕТЕЛЬСТВО)

## о юридическом лице, филиале (представительстве)

| Регистрирующий орган: |
|---|
| Чуй-Бишкекское управление юстиции (г.Бишкек) |
| Полное фирменное наименование на государственном языке: |
| ”Бишкек шаарынын Ленин районунун №82 жалпы билим берүү мектеби” мекеме |
| Полное фирменное наименование на официальном языке: |
| Учреждение ”Общеобразовательная школа №82 Ленинского района города Бишкек” |
| Регистрационный номер: |
| 50016-3301-У-е |
| Код ОКПО: |
| 23358773 |
| ИНН: |
| 41009200310185 |
| Юридический адрес: |
| Кыргызская Республика, Бишкек, Ленинский район, ул.Ала-Too, 51/1 |
| Текущий статус: |
| Перерегистрация |
| Дата первичной регистрации: |
| 10.09.2003 год |
| Дата перерегистрации: |
| 15.08.2025 год |
| Регистрация прекращения деятельности: |
| — |
| Количество учредителей/участников, членов: |
| 1 |
| Руководитель: |
| КУЛМАНОВА БУРУЛ АСКАРБЕКОВНА |

https://record.minjust.gov.kg/view/41009200310185 6 сентября 2025 г.



Сканировано с CamScanner

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТИРЛИГИ**
**ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ**

**МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
**ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ (Г.БИШКЕК)**

**Юридикалык жактар, филиалдар (өкүлчүлүктөр) жөнүндө**

## МААЛЫМКАТ (КҮБӨЛҮК)

| Каттоочу орган: |
| --- |
| Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгы |
| **Мамлекеттик тилде толук аталышы:** |
| "Бишкек шаарынын Ленин районунун №82 жалпы билим берүү мектеби" мекеме |
| **Расмий тилде толук аталышы:** |
| Учреждение "Общеобразовательная школа №82 Ленинского района города Бишкек" |
| **Каттоо номери:** |
| 50016-3301-У-е |
| **ИУЖКнын коду:** |
| 23358773 |
| **ИСН:** |
| 41009200310185 |
| **Юридикалык дареги:** |
| Кыргыз Республикасы, Бишкек, Ленин району, Ала-Тоо к., 51/1 |
| **Учурдагы статусу:** |
| Кайра каттоо |
| **Алгачкы катталган күнү:** |
| 10.09.2003-жыл |
| **Кайра катталган күнү:** |
| 15.08.2025-жыл |
| **Иш-аракетинин токтотулган күнү:** |
| — |
| **Уюштуруучулардын/катышуучулардын, мүчөлөрдүн саны:** |
| 1 |
| **Башкаруучу:** |
| КУЛМАНОВА БУРУЛ АСКАРБЕКОВНА |

https://record.minjust.gov.kg/view/41009200310185

6 сентября 2025 г.



Сканировано с CamScanner

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ

**. Сведения о наименовании и организационно-правовой форме юридического лица, филиала представительства)**

| | |
|---|---|
| 1. Полное наименование на государственном языке | "Бишкек шаарынын Ленин районунун №82 жалпы билим берүү мектеби" мекеме |
| 2. Полное наименование на официальном языке | Учреждение "Общеобразовательная школа №82 Ленинского района города Бишкек" |
| 3. Сокращенное наименование на государственном языке | "Бишкек шаарынын Ленин районунун №82 жалпы билим берүү мектеби" м-е |
| 4. Сокращенное наименование на официальном языке | У-е "Общеобразовательная школа №82 Ленинского района города Бишкек" |
| 5. Организационно-правовая форма | Учреждение |

**I. Сведения об иностранном участии**

| | |
|---|---|
| 6. Есть ли иностранное участие | нет |

**II. Сведения о регистрационном номере, коде ОКПО, ИНН**

| | |
|---|---|
| 7. Регистрационный номер | 50016-3301-У-е |
| 8. Код ОКПО | 23358773 |
| 9. ИНН | 41009200310185 |

**V. Сведения об адресе (месте нахождения) юридического лица, филиала(представительства)**

| | |
|---|---|
| 10. Область/город республиканского значения | Бишкек |
| 11. Район/город областного значения | Ленинский район |
| 12. Город/село/поселок | Ленинский район |
| 13. Микрорайон/жилмассив | == не заполнено == |
| 14. Улица (проспект, бульвар, переулок и т.п.) | ул. Ала-Тоо |
| 15. № дома | 51/1 |
| 16. № квартиры (офиса, комнаты и т.п.) | == не заполнено == |

**/. Сведения о контактных данных юридического лица, филиала (представительства)**

| | |
|---|---|
| 17. Телефон | == не заполнено == |
| 18. Факс | == не заполнено == |
| 19. Электронный адрес (e-mail) | == не заполнено == |

**/I. Сведения о государственной регистрации (перерегистрации) юридического лица, филиала представительства)**

| | |
|---|---|
| 20. Государственная регистрация или перерегистрация | Перерегистрация |
| 21. Дата приказа | 15.08.2025 |



Сканировано с CamScanner

22. Дата первичной регистрации | 10.09.2003

**VII. Сведения о форме собственности и типе субъекта регистрации**

23. Форма собственности | Муниципальная

**VIII. Сведения о руководителе (в случае коллегиального - первого руководителя)**

24. Фамилия, имя, отчество | Кулманова Бурул Аскарбековна

**X. Сведения об основном виде деятельности юридического лица**

25. Основной вид деятельности | Общее среднее образование (вторая ступень)

26. Код экономической деятельности | 85.31.0

**X. Сведения об учредителях (участниках)**

| | |
|---|---|
| 27. Количество учредителей (участников) - физических лиц | 0 |
| 28. Количество учредителей (участников) - юридических лиц | 1 |
| 29. Общее количество учредителей (участников) | 1 |
| 30. Учредители (участники): | |

| | |
|---|---|
| Учредитель (участник) Полное наименование | Департамент образования мэрии г.Бишкек |



Сканировано с CamScanner

**БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ДЕПАРТАМЕНТИ**

**ДЕПАРТАМЕНТ ОБРАЗОВАНИЯ**
**МЭРИИ ГОРОДА БИШКЕК**

**БУЙРУК**

**ПРИКАЗ**

______________________ №________ **Бишкек шаары**

**Кулманова Бурул Аскарбековна жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 24 - беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-февралындагы №79 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурстук тандоо тартиби жөнүндө» Жобосунун, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2025-жылдын 1-июлундагы №742/1 «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин бош кызмат орундарына өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы жөнүндө» буйругунун негизинде, **буйрук кылам:**

**Кулманова Бурул Аскарбековна** – №82 ЖББОМнин директору болуп 2025 – жылдын 18-июлунан тартып 6 айлык сыноо мөөнөтү менен дайындалсын.

**Негиз:** 2025 – жылдын 18-июлундагы эмгек келишими.

**О Кулмановой Бурул Аскарбековне**

В соответствии со статьей 24 Трудового Кодекса Кыргызской Республики, на основании Положения «О порядке проведения конкурсного отбора руководителей государственных и муниципальных общеобразовательных организаций Кыргызской Республики» утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 22 февраля 2024 года №79, приказа Министерства образования и науки Кыргызской Республики «Об итогах конкурсного отбора на вакантные должности руководителей общеобразовательных организаций Кыргызской Республики» от 1 июля 2025 года №742/1, **приказываю:**

**Кулманову Бурул Аскарбековну** – назначить на должность директора СОШ №82 с 18 июля 2025 года с испытательным сроком на 6 месяцев.

**Основание:** трудовой договор от 18 июля 2025 года.

**Директор** **Р.И. Мусаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-22/448, 18.07.2025

Кол койгон: Мусаева Р.И.

Сканировано с CamScanner